Х.Жээнбаев атындагы
мектеп-лицейи

# АКЫЛ ТАЙМАШ САБАГЫ

## “Кыргызстандагы тарыхый инсандар ”



Мугалим: Акунова А.И.

Сканировано с CamScanner

ОББ ______

**Күнү, айы, жылы: 25.01.2023 – жыл.**

**Классы: 10 "а,б".**

**Предмети: Кыргызстан тарыхы.**

**Сабактын темасы: "Кыргызстандагы тарыхый инсандар".**

**Сабактын максаты:**

**а).** Окуучулар тарых сабагы боюнча алган маанилүү тарыхый инсандар тууралуу маалыматтарын, алган билимдерин бышыкташат жана талкуулашат;

**б).** Таанып билүүчүлүк, сынчыл ой – жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн, логикалык ой жүгүртүүлөрү, сөз байлыгы өнүгөт;

**в).** Тарыхый – цивилизациялык, саясий, социалдык баалуулуктарды колдонууга тарбияланышат.

**Сабактын методу:** изденүүчүлүк, таанып билүүчүлүк, сынчыл ой – жүгүртүү...

**Сабактын тиби:** жалпылоо жана системалаштыруу

**Сабактын формасы:** акыл - таймаш

**Сабактын жабдылышы:** ТСО, дубалгазета, реферат, көргөзмө куралдар, документтүү материалдар, ватман...

## Сабактын жүрүшү

1. **Уюштуруу.**

**Мугалимдин сөзү:** Саламатсыздарбы кымбаттуу агай – эжейлер, сүйүктүү окуучулар! "Өткөндү унутпа ал келечектин күзгүсү" – дегендей, өткөн тарыхыбыздыкенен билип, кийинки муунга татыктуу ар бирибиздин милдетибиз. Бүгүнкү жаштар, эртеңки мамлекетибиздин келечеги. Баарыңарга кең – келечек, окууларыңарга ийгилик каалайм!

Мен сабактын жүрүшү менен тааныштырып кетейин.

1). Саламдашуу, команда менен тааныштыруу, дубал газеталарды жактоо, капитандар менен тааныштыруу.

**Катышуучулар 10 "а,б" класстары.**
Сабак – мелдешти баалап туруучу биздин коноктор: Каимбаева Г.К., Эсенгулова Э.Ч., Исаева Айсанат эже.

Ар бир командадан 10 окуучудан катышат.

2). Үй тапшырма: 2 – 3 мин. Слайд жасоо.

3). Ысык – Көлгө саякат.

4). Тарыхый инсандар (сүрөттөр).

5). Тарыхый инсандардын айткан сөздөрү.

Сканировано с CamScanner

6). Хронологиялык даталар менен иштөө.

7). Логикалык суроолор.

8). Жыйынтыктоо, баалоо.

- Алтын эрежени колдонуп убакытка так бололу. Дубал газетаны жаптоо 1 мин. Чейин, слайд видео 2 мин. Суроолор берилгенде кол көтөрүп, жооп бергиле.

## 2. Ысык – Көлгө саякат

- Ачык асман алдында 1,500 м. дон анын ири топтору бар 42га жерди ээлейт. Бул шаарда жайгашкан петроглифтер ар тараптан уникалдуу. Алардын көпчүлүгү сүрөттөрдүн көркөмдүүлүгү, жаныбарлардын турпаты так берилген жана коло дооруна тиешелүү. **(Чолпон – Ата, саймалуу таш)**
- Туристтик аймагы жайгашкан. Анда дүйнөдөгү христиан, католик, ислам, иудей, будда диндер туурасында бөлүмдөр уюшулган. Жер, Аалам, Асман, эл башчылары, атактуу адамдардын картиналары, эстеликтери коюлган. **(Рух Ордо). Т. Керексизов.**
- Деңиз деңгээлинен 2185 м. бийикте. Кеген жана Текес чуңкурча өрөөнүндө жайгашкан. Баскынчы Темирменди заманда анын жоокерлери ушул жер аркылуу өтүшөт. **(Санташ таш дөбөчөсү).**
- Анда кыргыздар нугу бар деп жүз чайкап, кечмек тургай өтө аяр мамиле кылышкан. Усун мамлекети борбору Чигу. Чигунун калдыктары суунун түбүнөн табылган. Азыркы кезде кайсы көл? **(Ысык – Көл).**
- Бул жерде 3000 метр бийиктикке чейин жапжашыл карагайлар менен курчалган. Ар түркүн гүлгө оролгон жайлоонун аянты 15 – 20 км, ар түркүн айбанаттар мекендейт. Бул кайсы жайлоо? **(Көк жайык).**
- Орус окумуштуусунун мемориалдык музейи 27 – апрелде 1957 – жылы ачылган. Алгач анын фондусу 386 экспонат болсо, учурда 1910 жетти. Шаарда эстелиги, музейи бар? **(Н. М. Пржевальский – орус элинин улуу саякатчысы)**

## 3. Тарыхый инсандардын айткан сөздөрү

- "Мен элимден 4 жолу четке чыгып, 4 жолу кайра келдим. Ошол эрдигимди ынанчу Алп аябай сыйлады" Кимдин сөзү: **Эрен Улук Барсбектин өзгөчө сыйлаганы жөнүндө таш эстеликтерге жазган.**
- "Мен өзүм карахан түрктөрдүн тили өткүр чечениинен, айтары ачык жетигинен, көөдөнү таза тетигинен, ак сөөк тектүүсүнөн болом" – деп жазган. Кимдин эскерүүсү: **Махмуд Кашкари.**
- "Мен сени менен тынчтыкта жашагым келет. Сен менин эң улуу жана кымбаттуу кызматчым бол", деп кимге айткан. **Мухамед Шах Хорезмдин ханы Чыңгыз ханга.**
- "Биз бирикбесек кыргыз болбой калабыз. Бир муштумга түйүлөлү. Кокондун каны бар, кашкардын кожосу бар, казактын султаны бар. Биз да биригели, өзүбүзгө хан шайлайлы. Кимдин сөзү: **Ормон хан 1842 – ж.**
- "сенин тагдырың бүттү. Мен жашымда алтын ордоңду аламын, анын алдына атымды байлап, өзүмдүн туумду илиемин. Эгерде мени менен алышкың келсе, дароо келгин. **(Уйгур каганы кыргыз ажосуна).**

Сканировано с CamScanner

- XX кылымда тарых илимине жол салган “Жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарыхты билүү керек, ал маанилүү илим” деп айткан сөз кимге таандык? **( Осмоналы Сыдыков)**

## 4. Логикалык суроолор

1). Кандай жерде кургак таш болбойт? (сууда).

2). Кандай идиштен тамак иче албайбыз? (бош).

3). Кандай суроого “ооба” деп жооп берүүгө болбойт? (сиз уктап жатканда).

4). Адамдар жана машиналар басып өтүүчү жаныбар кандай аталат? (зебра).

5). Чийки түрүндө жебейт, бышкан соң таштандыга таштайт, бул эмне? (лавр жалбырагы).

5. Калыстар тобу командалар алган упайларын эсептеп, 10 “б” классты жеңүүчү деп тапты.

## 6. Сабак жыйынтыкталды.

**Кыргыздын залкар инсандары…**

- Кыргыз элинин кылымда бир жаралуучу инсаны Чынгыз Айтматов. Жазуучунун бизге калтырып кеткен чыгармалары биз учун тугонгус байлыктардын бири болуп саналат .
- «Улутчул жазуучу» катарында таанылган жазуучубуз Туголбой Сыдыкбеков. Кыргыз тарыхын калыс иликтоого, кыргыз тилин ички соз кампасына ылайык байытууга ундогон тайманбас, мекенчил жазуучуларыбыздын бири болгон.

**7. Сабакты бышыктоо**

1. 7-8-ноябрь кандай күн деп белгиленген?
2. Улуттук-боштондук үчүн көтөрүлүш канчанчы жылы болгон?
3. Кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө кайсыл инсандар салым кошкон?
4. Кайсыл чыгаан инсандардын эмгектерин билесиңер?
5. Силер мекениңерге кандай салым кошкуңар келет?

Биз ар дайым улутубузду, динибизди, тилибизди сактап, ата-бабаларыбыздын эмгектерин унутпай, мекенибизге салым кошуп, келечек муунга өткөрүп берели.

**8. Үйгө тапшырма:**

«Өткөн жолун унуткан эл, келечекке жол таппайт» деген темада эссе жазгыла

Сканировано с CamScanner